*управления МВД России, 2021. – 172 с.*

*5. Черкасская, Г. В. Управление конфликтами: учебник и практикум для академического бакалавриата / Г. В. Черкасская, М. Л. Бадхен. — 3-е изд., перераб. и доп. - Москва : Издательство Юрайт, 2019. — 236 с.*

***УДК: 323.21 (575.2)(04)***
***DOI: 10.35254/bhu/2022.59.83***

***Абдымомунова К. С.,***
*К. Карасаев атындагы БМУ*

# МАМЛЕКЕТТИН ЖАНА КООМДУН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮСҮНДӨ САЯСИЙ ДИАЛОГДУН МАДАНИЯТЫ

**Кыскача мазмуну**

*Макала саясий диалогдун маанилүү мүнөздөмөлөрүн жана анын социалдык коммуникациядагы жана демократиялык коомдун өнүгүшүндөгү ролун изилдөөгө арналган. Саясий диалог проблемасын изилдеп, автор мамлекет менен коомдун өз ара аракеттенүүсүнүн эң эффективдүү формасы катары улуттук көйгөйлөрдү жана карама-каршылыктарды чечүүгө, макулдашууга жана түшүнүүгө жетишүүгө көмөктөшүүчү диалог экенин белгилейт. Автор азыркы шарттарда саясий диалогдун өзгөчөлүктөрүн талдап, саясий диалогду жүргүзүүнү кыйындаткан, аны жетишерлик эффективдүү эмес кылган факторлорду белгилеп, деструктивдүү диалогдун себептерин ачып берген. Мамлекет менен коомдун өз ара аракеттенүүсүнүн негизги принциби катары диалог маданиятын өнүктүрүүгө көңүл бурулууда. Диалог маданиятынын негизинде курулган мамлекет менен коомдун өз ара аракеттенүүсү күчтүү жана өнүккөн мамлекеттин өнүгүшү үчүн шарттарды түзөт.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *диало, саясий диалог, мамлекет, маданият, коммуникация, коом, жарандык коом, саясий элита.*

# КУЛЬТУРА ПОЛИТИЧЕСКОГО ДИАЛОГА ВО ВЗАИМОДЕЙСТВИИ ГОСУДАРСТВА И ОБЩЕСТВА

***Аннотация***

*Статья посвящена исследованию сущностных характеристик политического диалога и его роли в социальной коммуникации и развитии демократического общества. Автор, исследуя проблему политического диалога отмечает, что именно диалог, как наиболее эффективная форма взаимодействия государства и общества, способствует решению общенациональных проблем и противоречий, достижению согласия и понимания. Автор анализирует особенности политического диалога в современных условиях и выделяет факторы, которые затрудняют проведение политического диалога, делают его недостаточно эффективным, вскрывает причины деструктивного диалога. Акцентируется внимание на вопросах развития культуры диалога, как основополагающего принципа взаимодействия государства и общества. Взаимодействие государства и общества, построенное на основе культуры диалога, создает условия для развития сильного и процветающего государства.*

***Ключевые слова:*** *диалог, политический диалог, государство, культура, коммуникация, общество, гражданское общество, политическая элита.*

# CULTURE OF POLITICAL DIALOGUE IN THE INTERACTION OF THE STATE AND SOCIETY

***Abstract***

*The article is devoted to the essential characteristics of a political dialogue and its role in social communication and the development of a democratic society. Author researches the problem of political dialogue and notes that the dialogue as the most effective form of cooperation between the State and society contributes to the solution of national problems and contradictions, reaching agreement and understanding. The author analyzes the characteristics of the political dialogue today, highlights the factors which hamper political dialogue, make it ineffective, and reveals the causes of destructive dialogue. And all these areas "permeates" intellectual-information component - cultural sphere dialogue. The author focuses on the development of a culture of dialogue, as a fundamental principle of cooperation between the state and society.*

***Keywords:*** *dialogue, political dialogue, state, culture, communication, society, civil society, political elite.*

Соңку мезгилдерде дүйнөдөгү көптөгөн мамлекеттердин жашоосу ар кандай саясий, социалдык жана маданий топтордун жана катмарлардын баалуулуктарынын, максаттарынын жана кызыкчылыктарынын кагылышуусу менен мүнөздөлгөн кырдаалдарга толгон. Бул өлкөдөгү түзүлүп жаткан коомдук-саясий кырдаалдын татаалдыгын чагылдырат. Социалдык жана саясий проблемалардын ашкере полярдуулугунун жана иерархиясынын шартында татаал саясий чечимдерди, карама-каршы көз караштарды өчөшүп жоолашуу менен эч бир маселе ордунда туура чечилбейт, макулдашууга жана тынчтыкка жетишүүнүн коом тарабынан адекваттуу кабыл алынган өзгөчө жолдорун табуу жана издөө өтө маанилүү. Маданияттуубуз деген адамдарды жеңүү уруш менен эмес келишим макулдашып ынануу менен гана болоору айкын. Азыркы коомдун саясий турмушунда пайда болгон ар кандай карама-каршылыктарды цивилизациялуу чечүүдө өзгөчө саясий диалог конструктивдүү каражат болуп саналат.

Саясий өнүгүүнүн азыркы этабын диалогсуз элестетүү мүмкүн эмес, ал кызыкдар тараптардын жогорку интеллектуалдык деңгээли менен камсыз кылынат, анткени ал көз караштарды, ой-пикирлерди, баа берүүлөрдү, субъекттердин саясий ой жүгүртүү стилдерин ачык айтууга, алардын макулдашууга жетишүүгө, саясий иш аракеттердин программасын жана механизмин иштеп чыгууга көмөктөшөт [10].

Саясий диалог проблемасы биринчи жолу байыркы Грецияда иштелип чыккан. Бул мезгилде диалог түшүнүгү, баарлашуу маданиятынын адеп-ахлактык түзүмү жана баарлашуунун жанрдык дифференциасы сыяктуу түрлөрү пайда болгон. Антикалык демократиянын доорунда калыптанган диалогдун маданияты, нормалары, эрежелери, принциптери да азыркы демократиянын маданиятын, баарлашуунун маданиятын калыптандыруу үчүн өтө маанилүү. Жалпы, мамлекеттик кызыкчылык, улуттук проблемаларды жана карама-каршылыктарды позитивдүү чечилиши бүгүнкү күндүн реалдуу критерийи болуп саналат, бул мамлекет үчүн зарыл болгон саясий диалогдун технологиясы.

Саясий диалогдун маданиятынын олуттуу көйгөйү катары, диалогдун адеп-ахлактык сыяктуу аспектиси саналат. Диалогдун адеп-ахлактык маданияты бийлик өкүлдөрүнүн, саясий лидерлердин руханий жана адеп-ахлактык потенциалын, алардын инсандык, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгына багытталгандыгын чагылдырат. Демек, саясий баарлашуунун жана саясий диалогдун адеп-ахлактык принциптерин аныктоодо ырааттуу мамилелерди иштеп чыгуу илимпоздорду гана эмес, саясатчыларды, ар кандай конфликттүү тараптардын таламдарын чечкендердин бардыгын кызыктырышы мүмкүн.

«Саясий мамилелер чөйрөсүндөгү диалог зордук-зомбулукка, согушка, терроризмге, революцияларга, козголоңдорго, башаламандыктарга жана саясий экстремизмдин, радикализмдин жана башка көрүнүштөрүнө альтернатива болуп саналат. Саясий диалог эки же андан көп адамдардын саясий маселелер боюнча сүйлөшүүсү гана эмес, саясий коммуникациянын субъекттеринин ортосундагы дискурсивдүү теңчиликтин принциптерине негизделген өз ара аракеттенүүнүн, сүйлөшүү процессинин жана өнөктөштүктүн белгилүү бир конфигурациясын, тараптардын пикирлери менен кызыкчылыктарын эске алуу менен өз ара түшүнүшүүгө умтулуу жана өз ара пайдалуу натыйжага жетишүү” [11]. Саясий диалог түшүнүгү өзүнүн мазмуну боюнча төмөнкү аспектилерди камтыйт: биринчиден, диалог же саясий диалог эки тараптын катышуусун билдирет. Бул жерде мамлекет жана анын органдары, мамлекеттин жана саясий бийликтин субъектилери, экинчи жагынан - коом. Коом жарандардын кызыкчылыктарын камсыз кылуу үчүн түзүлгөн кыйла татаал социалдык түзүлүш.

Бийлик, мамлекеттик жана коомдук түзүлүштү, көптөгөн коомдук түзүмдөрдүн жана мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү маселелерин козгогон саясий диалог азыркы шарттарда өзгөчө актуалдуу болуп саналат. Саясий диалог саясий диалогго катышкан тараптардын тең укуктуулугун таануу жана өз ара урматтоо принциптерине негизделиши керек. Жарандык коомду жана анын маданиятын өнүктүрүүгө ар тараптуу көмөк көрсөтүү мамлекеттин артыкчылыктуу милдеттеринин бири. Жарандык коомдун бийлик түзүмдөрүнүн ишмердүүлүгүнө реалдуу катышуусу жана өз ара аракеттенүүнүн жемиштүү каражаты катары диалог жүргүзүү саналат, ал аркылуу натыйжалуу жыйынтыкка жетүүгө мүмкүн. Азыркы шарттарда саясий диалогдун өзгөчөлүктөрү кандай? Биринчиден, көптөгөн мамлекеттик органдардын ишинин натыйжасыздыгы менен мүнөздөлөт, өзгөчө социалдык-коммуналдык чөйрөнүн, саламаттыкты сактоонун, билим берүүнүн ж.б. көптөгөн маселелердин чечилбегендиги.

П. Сорокиндин оюу боюнча мамлекет татаал саясий система катары адамдардын белгилүү бир топтому тазаланууга муктаж, криминалдаштыруудан, коррупциядан, бюрократиядан арылып, ага коомдун жана элдин ишенимин кайтаруу зарыл. Бул терс көрүнүштөрдүн баары коом менен мамлекеттин тең укуктуу саясий диалог жүргүзүүгө тоскоолдуктарды жаратып, мамлекет менен коомдун саясий диалогун татаалдаштырып, кээде аны жөн эле мүмкүн эмес кылып коёт [7, 45]. Демек, саясий диалогду илимий жактан изилдөө үчүн эң маанилүү маселелердин ичинен коомду, анын айрым институттарын жана жарандарды мамлекеттен жана анын органдарынан алыстатуу проблемаларына көңүл буруу керек. Коомдун жана калктын мамлекетке болгон ишенимин кайтаруу субъекттердин саясий диалогунун жогорку натыйжалуулугуна жетишүүнүн негизги кадамы болуп саналат. Коомдун жана элдин жыргалчылыгы үчүн мамлекеттин ишинин жетишсиз көйгөйлөрү сепаратизмдин, этноулутчулдуктун процесстерин пайда кылат. Буга окшогон татаал, түшүнүксүз шарттарда мамлекеттин саясий элитасы менен коомдун ортосунда диалогду жүргүзүү кыйынчылыктарды жаратат. Мамлекеттин саясий элитасынын курамына коомдогу жетекчи кызматкерлер же үстөмдүк кылуучу, таасирдүү адамдар кирет [6, 93].

Экинчиден, бүгүнкү күндө кыргыз коомун өнүктүрүүдө, социалдык-саясий процесстерге активдүү катышуусунун чагылышы катары өзүнүн субъективдүүлүгүн калыптандырууга муктаж. Кыргыз коому бүгүн дагы эле экиге бөлүнүп, кызыкчылыктары дал келбеген жарандардын социалдык топторуна бөлүнгөн. Бул, бир жагынан алганда, интеграция процесстерин «жандандыруу» үчүн, улуттук идеянын айланасында биригүүнү, өлкөнүн өнүгүүсүнүн жаңы сапаттык деңгээлине жетүүнүн жетишээрлик айкын көрүнүп турган зарылчылыгын камсыздайт. Экинчи жагынан, дезинтеграция процесси жөнгө

салынбаса ал курчушу мүмкүн, анын таасири ар кандай социалдык толкундоолор сыяктуу коркунучунтарды туудурат. Кыргызстанда көп улуттардын өкүлдөрү жана ар кандай диндерди, маданий салттарды жана үрп-адатты карманган жана башка маданий топтор жашашат. Алар бири-бири менен активдүү байланыш түзүшүп, бир катар көйгөйлөрдү жаратышы мүмкүн, этностор аралык мамилелерди жана маданияттар аралык коммуникацияларды илимий изилдөөсүз анын себептерин так аныктоо мүмкүн эмес [8, 203].

Үчүнчүдөн, бир кыйла татаал эл аралык жана ички саясий абалдар экстремалдык кырдаалда саясий диалогду ишке ашырууну болжолдойт. Бул улуттар аралык, конфессиялар аралык көйгөйлөрдү, коопсуздук проблемаларын, социалдык чыңалууну жана башкаларды чечүүгө тийиштүү. Маданияттар аралык коммуникациянын азыркы татаал маселелерин чечүүдө, өзгөчө маданияттар аралык конфликттерди жөнгө салууда саясий диалогдун ролу өтө чоң. «Ааламдашуу процесси коомдук турмуштун шарттарын түп-тамырынан бери өзгөртүп жатат, башка маданияттын өкүлдөрү менен баарлашуу көп адамдар тарабынан чыр-чатактын булагы катары кабыл алынууда» [5, 10].

«Диалог – глобалдык проблемаларды чечүүнүн жолу, ал тирешүүдөн баш тартуунун жолун гана көрсөтпөстөн, ошондой эле «учурдагы өнүгүү стратегиясын өзгөртө турган» баалуулуктардын системасын билдирген ар түрдүү маданияттардын жана цивилизациялардын тынчтыкта жанаша жашоо маселелерин чечүүнүн максатка ылайыктуулугун ырастайт [1, 17]. Мындай шартта саясий диалогдун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн көп улуттуу мамлекетте жана татаал шартта кутулбогон көйгөйлөрдү жеңилдетүү жана мамлекет менен коомдун бири-бирине жакындашуусу, өз ара түшүнүшүү менен мамиле түзүү керек жана ошондой эле төмөндөгүдөй механизмдер зарыл:

1. Баалуулуктардын ырааттуу системасын иштеп чыгууну талап кылат: жалпы улуттук идея, каада-салттар, баарлашуу маданияты.

2. Саясий диалог маданиятын теориялык жактан комплекстүү изилдөө өтө зарыл. Ошол эле учурда саясий диалогдун маданияты деп диалогдун субъекттерине “өз жүзүн жоготпостон” биргелешкен олуттуу натыйжаларга жетишүүгө мүмкүндүк берүүчү жогорку деңгээлдеги билимдүүлүгү, салттар, бири-бирине болгон мамилелер.

3. Диалог - ишендирүү, түрткү берүү, өз ара түшүнүү, чындыкка негизделген өз ара аракеттенүүнү камтыйт, бул бийликтин саясий риторикасынын маңызын түзүү болуп саналат. «Диалог – баарлашкан тараптардын ортосундагы маалымат жана экзистенциалдык өз ара аракеттенүү, ал аркылуу бири-бирин түшүнүүнү» [2, 317].

Ошого карабастан, бийликтин саясий риторикасы, кыргыз тарыхынын байыркы мезгилинен тартып бүгүнкү күнгө чейин, өз ара түшүнүшүүгө эмес, манипуляциялык технологияларга негизделген. Манипуляциянын негизи, маданияттын, сүйлөө коммуникациясынын жана билим деңгээлинин төмөндүгүн көрсөтөт. Анын үстүнө манипуляциялык риторикада ар дайым предметтик мазмунга караганда эмоционалдык мазмун көбүрөөк кездешет. Ошол эле учурда бардыгын ылгабай каралоого болбойт. Диалогду системалык талдоо, биринчиден, анын түшүнүгүн, маңызын аныктоону (диалог кандай максаттарды көздөйт, эмне үчүн керек) камтыйт [3, 310].

Азыркы учурда диалогдун түзүмү маанилүү – ал диалогдун катышуучуларынын курамын гана эмес, алардын ортосундагы байланыштарды да аныктайт: маалыматтык, саясий, социалдык жана башкалар. Ошондой эле саясий диалогдун функцияларын да эске алуу маанилүү: мамлекет менен коомдун ортосундагы мамилелердин стратегиялык, тактикалык жана актуалдуу көйгөйлөрүн чечүү. Бул проблемаларды мамлекеттин жана коомдун турмушунун төмөнкү чөйрөлөрү боюнча көрсөтүүгө болот: маданий, интеллектуалдык-маалыматтык, саясий, аскердик, экономикалык, социалдык, экологиялык. В.М. Межуев маданияттын маңызына токтолуп, маданияттын эң терең «сырлары» адамдардын баарлашуусунда экенин белгилен [4, 61]. Адамдын коммуникативдик маданияты өнүккөндө гана башка адамдар менен өз ара аракеттенип, натыйжалуу баарлаша алат. Мамлекет менен коомдун ортосундагы диалогдун жемиштүүлүгү жарандык коомдун маданиятынын деңгээлинен көз каранды. Мамлекет менен коомдун диалог маданиятынын негизинде өз ара мамилелери жана өз ара аракеттери күчтүү жана өнүккөн мамлекеттин өнүгүшү үчүн шарттарды түзөт.

Азыркы учурда мамлекет менен жарандык коомдун саясий диалогунун өзгөчөлүктөрү мамлекет менен коомдун ортосунда туруктуу конструктивдүү, тең укуктуу диалогдун жоктугу менен мүнөздөлөт. «Бир жагынан мамлекеттик бийлик жарандык коомду өнүктүрүү жана бекемдөө үчүн коомдук диалогду кеңейтүү зарылдыгын түшүндүрөт. Экинчи жагынан, бул процесстер бийлик тарабынан катуу көзөмөлгө алынышы керек.

Бүгүнкү күндө мамлекет менен коомдун мамилесинде али туура жол табыла элек. Мамлекеттик чиновниктер дайыма эле эл менен диалогго барууга даяр эместигин, алар көбүнчө эл менен сүйлөшүүдөн коркушат, элдин берген суроолоруна так жооп бере алышпайт. Диалогдон баш тартуу жарандардын кызыкчылыктарынын толук четтөөсүнө, үмүтсүздүккө, пессимизмге, митингдерди жана жарандык революцияларды пайда кылат.

Жалпысынан төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарсак болот:

- мамлекет менен коомдун саясий диалогу - мамлекет жана коом үчүн маанилүү болгон коммуникация процесси катары аныктаса болот, анын максаты — мамлекетти прогрессивдүү өнүктүрүүдө жаңжалдарды жана карама-каршылыктарды жоюу.

- мамлекет менен жарандык коомдун өз ара аракеттенүүсүнүн демократиялык тенденциялары диалогдук баарлашуунун жаңы технологияларын иштеп чыгууну талап кылат.

- азыркы учурда ар кандай мамлекетке мүнөздүү болгон саясий талаш-тартыштардын, конфликттердин, татаал кырдаалдардын мейкиндигинде маданият биринчи орунда турат. Бирок, маданият бул татаал көйгөйлөрдү чечүүдө өзүнүн ордун таба элек.

***Адабияттар***

*1. Диалог культур в глобализирующемся мире: мировоззренческие аспекты./ Отв. ред. В. С. Степин, А. А. Гусейнов; Ин-т философии. М., 2005. С.17.*

*2. История философии: Энциклопедия. Минск, 2002. С.317.*

*3. Комарова Л.В. Культура политического диалога. Теория и практика культуры: Альманах. Вып.3. / Под общ. Ред. В.К Егорова. М., 2005. С.310.*

*4. Межуев В.М. Россия в диалоге с Европой. Теория и практика культуры. Альманах. Вып.5. М., 2007. С.61.*

*5. Рот, Ю. Межкультурная коммуникация. Теория и тренинги: учебно–методическое пособие. М., 2006. С.10.*

*6. Сейитбаев Б.Т., Эмилбек к Д. Кыргызстандагы элитология жана элита социологиясынын маани-маңызы // БГУ жарчысы. – 2017. – № 2. – Б. 93.*

*7. Шарков Ф.И. Интерактивные электронные коммуникации (возникновение «четвертой волны»). Учебное пособие. М., 2010. С.45.*

*8. Шарков Ф.И. Коммуникология: основы теории коммуникации: Учебник / Ф.И.Шарков.-4-е изд. Переработанное. М.,2013. С.203.*

*9. Федоркина А. П. Политическая акмеология. М., 2006.*

*10. Борисенко О.А. Политический диалог как вид диалога культур в условиях глобализации. // Научный электронный архив. Интернет ресурс: http://econf.rae.ru/article/4879 .*

*11. Зайцев А.В. Государство и гражданское общество: дефицит диалога // Гуманитарные научные исследования. – Август 2013. - № 8. Электронный ресурс: http://human.snauka.ru/2013/08/3703.*